КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

Филология факультети

Чет тилдери кафедрасы

“ МАКУЛДАШЫЛДЫ”	**“БЕКИТЕМИН”**
Окуу башкармалыгынын башчысы	Академиялык иштери боюнча
_____ Ж.Ж. Усубалиева	проректор,_____К.О.Омурова
«____»_____2025-ж	«____» _____2025-ж

«КЕСИПТИК ЧЕТ ТИЛИ»
дисциплинасы боюнча жумушчу программа

Даярдоо багыты: **710300**

Даярдоонун профили: **Экономикадагы колдонмо информатика**

Окутуу формасы: **күндүзгү**

Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: **бакалавр**

Нарын 2025

1. Жумушчу программа **Экономикадагы колдонмо информатика** багыты боюнча ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык түзүлгөн.

2. Жумушчу программаны түздү:

«Чет тилдери» _____ Айдарова В.Ж.
кафедрасынын окутуучусу (колу)

3. Чет тилдери кафедрасынын 20___-жылдын «___» _____ №____ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы, доцент _____п.и.к. Эгимбаева Ж.Б. ____
(колу)

4. “Экономика, туризм жана бизнес башкаруу” кафедрасынын 20___-жылдын «___» _____ №____ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы _____ э.и.к. Бекирова Д.О.
(колу)

5. Филология факультетинин кенешинин отурумунда 20____-жылдын «_____» _____ № _____протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**

Факультетинин деканы _____п.и.к. Таштанкулова Ж.Ж.
(колу)

1. Дисциплинанын мазмуну

Дисциплинанын мазмуну чет тилинин бири катары англис тилин үйрөтүүгө багытталган жана негизги мындан мурда калыптанган көндүмдөрдү жана билимдерди өркүндөтүү болуп саналат. Кесипке багытталган чет тилинин программасын иштеп чыгуу учурунда, гуманитардык профилди эске алуу менен англис тилин окутуу кесиптик билим берүү максаты алдыга коюлган.

Кесипке багытталган модулдун тилдик материалына жаңы, татаал жана ошол эле учурда кесипке багытталган сөздөр жана терминдер кирет, ошону менен бирге бул дисциплинаны окуп үйрөнүүдө жогорку деңгээл катары коммуникация көндүмдөрү жана жөндөмдөрүнө багытталган практикалык иштер басымдуулук кылат.

Программанын айырмалоочу өзгөчөлүгү анын педагогикалык жана экономикалык терминологияны изилдөө жана колдонуу болуп саналат.

Чет тилин окутуунун негизги максаты коммуникативдик, компетенттүүлүккө негизделген, инсанга багытталган жана дифференцияланган ыкмаларды эске алуу менен ишке ашат.

Кесипке багытталган багыттагы мазмунду өздөштүрүү учурунда кесиптик иш кырдаалдарды эске алуу менен кошумча шарттарды түзгөн дисциплиналар аралык байланыштар, чет тилин үйрөнүү жана педагогика жана экономикадагы колдонмо информатика багыты менен байланыштуу.

Бул программада студенттердин кесиптерине байланыштуу терминдерди жана ар түрдүү темадагы кыскача тексттер менен иштөөнү камсыз кылуу менен атайын сөздөрдүн тизмектери берилген жана аларды кантип өздөштүрүүнүн жолдору көрсөтүлгөн.

1.1. Максаты:

- чет тилинин коммуникативдик компетенттүүлүгүн андан ары өнүктүрүү (сөз, тилдик, социалдык-маданий, билим берүү жана когнитивдик компетенциялар);
- өзүнүн вербалдык жана вербалдык эмес жүрүм-турумун укуктук өзгөчөлүктөрүн адекваттуу куруу көндүмдөрүн өркүндөтүү;
- окулган тексттин негизинде резюме жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу;
- өзүнүн жана үйрөнүлүп жаткан тилдин маданиятынын жалпы өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү көндүмдөрүн калыптандыруу.

1.2. Дисциплинанын окуп үйрөтүүнүн жыйынтыгында студенттер төмөндөгүдөй тилдик билимдерге, көндүмдөргө жана компетенцияларга ээ болушат:

- англис тили эл аралык байланыш тили жана дүйнөлүк маданияттын жана улуттук маданияттын баалуулуктары менен таанышуунун каражаты катары түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- өздөштүрүлгөн лексиканы, ошондой эле баарлашуунун шарттарын, мотивдерин жана максаттарын эске алуу менен англис тилинде ар кандай формаларда жана ар кандай темаларда, анын ичинде кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндө эркин баарлашууга мүмкүндүк берүүчү коммуникативдик компетенцияны калыптандыруу;
- коммуникативдик компетенциянын бардык компоненттерин калыптандыруу жана өнүктүрүү: лингвистикалык, социолингвистикалык, дискурсивдүү, социомаданий, социалдык, стратегиялык жана предметтик;
- маданияттар аралык деңгээлде баарлашууга жөндөмдүү жана катышууга даяр адамды тарбиялоо;

- башка маданияттарды жана социалдык субмаданияттарды урматтоого тарбиялоо.

1.2 Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын көрсөтмөсү

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде калыптандырылуучу компетенциялар

Коду	**Компетенциянын мазмуну**
ШК-3	Коомдук байланыш деңгээлинде чет тилдердин биринде сүйлөйт
Билет	Чет тилде өз ойлорун жетиштүү абалда сүйлөөнү;
Кыла алат	Мамлекеттик жана расмий тилдерде логикалык жактан туура, жүйөлүү жана түшүнүктүү оозеки жана жазуу жүзүндөгү кепти түзө алат;
Ээ болот	Кесиптик жана инсандык бааралашуу чет тилин билүү көндүмүнө (жалпы европалык тилдик денгээлде В1 шкалалык денгээлден төмөн эмес) ээ.
КК-7	Кесиптик рефлексиянын негизинде өздөрүнүн өнүгүү максаттарын коюуга жөндөмдүү
Билет	Билим берүүнүн жана кесиптик ишмердүүлүктүн негизги баалуулуктарын билет;
Кыла алат	Чет тилинин биринде өзүлөрүнүн калыптанган билимдерин колдоно алат;
Ээ болот	Кесиптик ишмердүүлүктө коюлган максаттарды аткаруу көндүмдөрүнө ээ.

2.Дисциплинанын түзүлүшү

2.1. Жалпы билим берүүчү окуу дисциплинанын көлөмү жана өздүк иштеринин түрлөрү

Окуу ишинин түрлөрү	Сааттын өлчөмү
Жалпы саат	60
Аудиториялык саат	32
Кредит	2
Семестри	3
Студенттердин өздүк иши • эссе жазуу • реферттарды аткаруу; • презентацияларды түзүү; • текст менен иштөө; • диалог түзүү; • грамматикалык көнүгүүлөрдү аткаруу; • өтүлгөн грамматикалык темалар боюнча тесттерди аткаруу	28

3. Дисциплинанын календардык-тематикалык планы жана окуу-методикалык материалдары

№	Тема	Сааты
1	1.1. Economics Overview	2

	1.2. Daily life	2
2	2.1. Computer Science in Modern Everyday Life 2.2. My life at the University	2 2
3	3.1. Real-world everyday applications of Computer Science 3.2. History of computer science	2 2
4	4.1. Fields of computer science 4.2. Interesting Computer Facts	2 2
5	5.1. Who Needs to Learn English? 5.2. English on the Internet as a foreign language	2 2
6	6.1. Interesting Language Facts 6.2. Robots in our everyday life	2 2
7	7.1. Web Conferencing 7.2. Daily routine	2 2
8	8.1. Microsoft 8.2. The Present Indefinite Tense	 2
9	9.1. IBM 9.2. Apple	2 2

4. Студенттердин өздүк иштеринин темалары жана аларды аткаруунун формалары

№	Тема	Иштин формасы	Сааты	Колдонулуучу адабияттар
1	Describing a friend	Досу тууралуу маалымат берүү жана аны сүрөттөө. Иштин формасы: презентация, фото буклет ж.б.	4	О.В. Афанасьева М., Титул, 2009,Заликман А.Я.Учебное пособие Ростов на Дону, 2010, Изд. 2- е.- М.: MACMILLAN, , под ред. Вербицкой М.В. и др. раздел 4
2	Human, health, sport	Спортко тиешелүү сөздөрдү конспектилөө жана жактырган спорт тууралуу презентация түзүү	2	О.В. Афанасьева М., Титул, 2009,Заликман А.Я.Учебное пособие Ростов на Дону, 2010, Изд. 2- е.- М.: MACMILLAN, , под ред. Вербицкой М.В. и др. раздел 4 62-бет
3	Nature and human (climate, weather, ecology)	«Дүйнө жүзүндөгү экологиялык проблемалар» деген темада реферат жазуу	2	А.П. Голубев М.,«Академия», 2009; 2- е. издание, М.: MACMILLAN, под ред. Вербицкой М.В.раздел 4 «Чтение», стр. 65-66
4	Daily life	«Менин жумуш күнүм» деген темада газета түзүү	2	Агабекян И.П.Английский для СПО. Ростов на Дону, Феникс,2009; 2- е. издание, М.: MACMILLAN, под ред. Вербицкой М.В раздел 5«Чтение», стр. 70-72

5	Travelling and having a rest	«Эмнеге мен саякаттаганды жакшы көрөм» деген темада презентация түзүү. Жер шаарындагы эң жакшы эс алуучу жайлар тууралуу маалыматтарды киргизүү	2	Агабекян И.П.Английский для СПО, Ростов на Дону, Феникс, 2009, 2- е. издание, М.: MACMILLAN, под ред. Вербицкой М.В раздел 7«Чтение», стр. 77-79
6	News, mass media	«АКШ жана Улуу Британиядагы массалык маалымат каражттарынын берилиши» деген темада реферат жазуу.	4	аликман А.Я. Английский язык для юрист, Ростов на Дону, Феникс ,2010, 2- е. издание, М.: MACMILLAN, под ред. Вербицкой М.В раздел 8«Чтение», стр. 83-86
7	Profession and professional qualities, proficiency and career	«Мугалим же экономист болуунун артыкчылыктары» темасында эссе же реферат түзүү. Рефератта темага байланыштуу лексикалардын конспектисин түзүү.	4	Шевелёва С А Скворцова . ., М В Английский в . .« вашей будущей профессии», М.,2008,2-е. издание, М.: MACMILLAN, под ред. Вербицкой М.В раздел 9 «Лексика и грамматика», стр. 91
8	Art, music, literature, the authors of the works.	«Менин сүйүктүү англис жазуучум» деген темада эссе жазуу.	2	Агабекян И.П.Английский для СПО, Ростов на Дону, Феникс, 2009,2-е. издание, М.: MACMILLAN, под ред. Вербицкой М.В раздел 10 «Лексика и

				грамматика», стр. 105
10	Present Simple Tense	Грамматикалык эреженин толук аныктамасын таблица жүзүндө эреже аркылуу көрсөтүү. Мисалдарды кошуу жана ага карата тест түзүү.	2	K.N.Kachalova, E.E.Israelovich. English Grammar. Moscow 1996 2. Raymond Murphy. English Grammar in Use – Cambridge University Press, 1992
11	Plural form of nouns	Англис тилиндеги зат атоочтордун көптүк түрүнүн жасалуу жолдору жана туура эмес зат атоочтордун берилиши тууралуу презентация түзүү	2	K.N.Kachalova, E.E.Israelovich. English Grammar. Moscow 1996 2. Raymond Murphy. English Grammar in Use – Cambridge University Press, 1992

5. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

5.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Кесиптик чет тили» дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда пракикалык сабактар орун алат. Практикалык сабактардын негизги милдети – студенттердин англис тилинин грамматикасын практикалык жактан туура өздөштүрүү билимдер тутуму менен тааныштыруу, ошону менен бирге кесиптик багыттагы ар кыл темадагы тексттер менен тааныштыруу, тексттер тууралуу көнүгүүлөрдү иштөө жана алар тууралуу өз ойлорун айтуу билимдерин калыптандыруу. Кесиптик ишмердүүлүккө багытталган жаңы сөздөр жана лексикалык терминдерди конспектилөө менен өз сүйлөмдөрүндө жана оозеки айтып берүүлөрүндө колдонууга жол көрсөтүү. Окутуучу студенттердин грамматикалык эрежелерди айрымалай билүүсүн, ага карата сүйлөмдөрдү түзө алуусун, англис тилиндеги грамматикалык өзгөчөлүктөрүн

айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин астыга коёт.

5.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар англис тилинин базалык билимине ээ болуу менен бирге, ал тилдин грамматикалык түзүлүшүн, формаларын жана берилген эрежелерин активдештирүүнү камтыйт. Сабакта көнүгүүлөрдү иштөөдө жана аткарууда студенттер өз алдынча иштөөнү алдыга коёт. Сабак учурунда төмөндөгүдөй интерактивдүү технологиялар колдонулат:

Ассоциативдүү жазуу – иштелген, өтүлгөн тексттин, сабактын темасы боюнча эркин, үзгүлтүксүз жазуу жана аларды талкуулоо. Ошону менен бирге сөздөрдү, фразаларды үйрөнүү менен, сүйлөмдөрдү туура жазуу жана грамматикалык эрежелерге таянуу аркылуу ишке ашырылат.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Ага карата түзүлгөн суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт. Грамматика темасына байланышкан эрежелерди жана формаларды сүйлөмдөрдө биргелешип издей алышат.

Венндин диаграммасы – бири бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, формаларды, чактарды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат. Бул интерактивдуу технологияны студенттер чактарды, формаларды салыштыруу ирээтинде колдонсок болот.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, формалардын кароо ишине багытталган. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Ар кыл теамдагы тексттерди грамматикалык эрежелерди туура колдонуу менен дискуссияга айландыруу.

Жуптарда иштөө –көнүгүүлөрдү жуп-жуп болуп иштөө. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда, көнүгүүлөрдү аткарууда, жазуу иштерин аткарууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

Кластер- канрдайдыр бир теманын чачыранды түрдө түшүндүрмөлөнүшү. Тексттердеги негизги теманы кластерлөө, жазуу жүзүндө ашыруу жана туура жазуу.

РАФТ – студенттерди «Роль-Аудитория-Форма-Тема» жол-жобосу аркылуу өткөрүүнү болжогон чыгармачыл жазуу ишинин түрү.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, сүрөттөр менен иштөө жана аларга суроолорду берүү менен студенттердин англис тилинин грамматикасы боюнча билимдерин текшерүү.

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 69%ды түзөт.

6. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын

мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачеттон) бошотулат.

7. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда, ал ошол аудиториялык иштин программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган көнүгүү дептерин жана конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, грамматика боюнча көнүгүү китептеринен жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки жана жазуу тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттердин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

8. Арадагы текшерүү үчүн студенттердин өтүлгөн темалар боюнча практикалык тапшырмалар

Грамматикалык темалар

№1 Вариант

1. Этиштин, ат атоочтун жана предлогдордун туура формасын танда:

1. That … a computer.

a) is, b) am, c) are, d) be.

2. My father is … work.

a) in, b) to, c) at, d) by.

3. She is Canadian. … Russian?

a) you`re, b) are, c) you, d) is he.

4. That is a very interesting book. Take it … the shelf.

a) on, b) at, c) from, d) to.

5. Are they doctors or nurses?" – "They … nurses".

a) is, b) are a , c) is are, d) are.

6. We have no time. Translate … please.

a) those home, b) it at home, c) at home these, d) at it home.

7. … we have lessons on Tuesday?

a) does, b)is, c) do, d) are.

8. Where … he go yesterday?

a) is, b) does, c) did, d) are.

9. …he go to school tomorrow?

a) shall, b) do, c) will, d) is.

10. When … get up after tomorrow?

a) do you, b) will you , c) does you, d) are you.

11. I ask you … to her.

a) not speak, b) does not speak, c) is not speak, d) do not speak.

12. It is … unknown creature.

a) one, b) the, c) a, d) an.

13. Whose are … books on that table?

a) this, b) those, c) that, d) these.

14. He … Russia.

a) come from, b) comes, c) come out, d) comes from.

15. She sees … .

a) them, b) your, c) our., d) they.

№2.Вариант

1. Этиштин, ат атоочтун жана предлогдордун туура формасын танда:

1. Those are chairs. These … tables.

a) be, b) are, c) is, d) am.

2. I am … home.

a) to, b) by, c) at, d) in.

3. They are Americans. … English?

He is, b) they is, c)are she, d) is he.

4. This is a new book. Put … the table.

a) her on, b) she at, c) its on, d) it on.

5. ”Is it a book or a dictionary?” – “It … dictionary”.

a) is a, b) are the, c) was the, d)the is.

6. I have no money. I have left … .

a) them in home, b) they in home, c) it at home, d) it in home.

7. …. They go to the shop after tomorrow?

a) are, b) do, c) does, d) Is.

8. When … he at home yesterday?

a) did, b) was, c) were, d) do.

9. … they go to the shop after tomorrow?

a) Is, b) are, c) will, d) am.

10. Where … go next week.

a) does she, b) do she, c) is them, d) will you.

- I advise you … them it.

a) not tell, b) is not tell, c) do not tell, d) tell not.

11. She suggested me to take … apple.

a) the, b) these, c) a, d) an.

12. Who put … pen on my table in front of me.

a) those, b) that, c) this, d) these.

13. These boys … America.

a) are from, b)is in, c)am in, d)is from.

-14. They hear … .

a) your, b) us, c) our, d) theirs.

Лексикалык темалар

Көрсөтүлгөн тексттерди окуп, которуп жана суроолорго жооп бергиле:

1. “Знакомство”стр. 35-36.
2. “English character”стр. 36-37.
3. “About myself”стр.51-52.
4. “ My family”стр.116.
5. “ Sports”стр. 206-208.
6. “Sport in Great Britain”стр.59.
7. “ A visit to a doctor”(составление диалогов).
8. “London”стр.127.
9. “ Moscow”стр.202-203.
10. “ Seasons and weather”стр. 281-282.
11. “ About climate”стр.136-139.
12. “What is the computer”стр.134.
13. “Introduction to the WWW and the Internet
14. “ My working day”стр.66-68.
15. “ About my flat”стр.(раздаточный материал).
16. “ At college”(составить диалоги).
17. “Travelling” стр.74-75.

Студенттер төмөндөгү темада талкуу жүргүзүүлөрү керек:

1. “About myself”
2. “Sport”.
3. “London”

4. “My working day”
5. “Travelling”
6. “Your friends”
7. “ At my college”
8. “ Where do you live?

Сунушталган адабияттар

Негизги адабияттар

1. Агабекян В.П. Английский язык для студентов СПО, Москва, «Академия», 2008г.
2. Голубев А.П. Английский язык. М., Академия, 2009г.

Кошумча адабияттар

3. K.N.Kachalova, E.E.Israelovich. English Grammar. Moscow 1996
4. Raymond Murphy. English Grammar in Use – Cambridge University Press, 1992
5. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –elemantary – Oxford University Press, 2002
6. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –pre-intermediate – Oxford University Press, 2002
7. English Grammar. Moscow, 1998

Кошумча адабияттар

1. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –intermediate – Oxford University Press, 2002
2. Christina Latham-Koenig, Clive Oxenden. English File –upper-intermediate – Oxford University Press, 2002
3. Headway Pre-Intermediate. Oxford
4. Н. Амосова. Основы английской фразеологии. Л., 1963
5. Л. Бархударов. Очерки по морфологии современного английского языка. М., 1975

6. Л. Бархударов. Структура простого предложения современного английского языка.М., 1966
7. Л. Бархударов, Д. Штелинг. Грамматика английского языка. М., 1994
8. М. Блох. Теоретическая грамматика английского языка. М., 1994
9. М. Блох. Теоретические основы грамматики. М., 2002
10. M. Blokh. A Course in Theoretical English Grammar. M., 1983